**УДК: 101.1.316.**
**DOI: 10.35254/bsu/2023.64.04**

***Бектанова А.***
*Б. Н. Ельцин атындагы*
*Кыргыз-Орус Славян университети*

# ЖАРАНДЫК КООМ ФИЛОСОФИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН ОБЪЕКТИСИ КАТАРЫ

**Кыскача мазмуну**

Граждандык коомду калыптандыруу проблемасы азыркы кездеги теориянын жана практиканын актуалдуу проблемаларынын бири болуп саналат. Ал дисциплиналар аралык мүнөзгө ээ, ошондуктан көптөгөн илимдердин, анын ичинде философиянын изилдөө объектиси болуп саналат. Макалада философия илимий билимдин идеялык, методологиялык жана жалпы теориялык негизи болуп санала тургандыгы белгиленген. Ошонун негизинде ал эки ролду аткарат. Бир жагынан илимий дисциплина катары жарандык коомдун философиялык парадигмасын өнүктүрөт. Экинчи жагынан, билим берүү дисциплина катары жарандык коомдун практикалык ишке ашырылышына өбөлгө түзөт. Макала ошондой эле жарандык коомду түшүнүүдөгү айрым философиялык ыкмаларды карап чыгып, азыркы илимде жарандык коомдун бирдиктүү көз карашы түзүлө элек деген тыянакка келет.

**Түйүндүү сөздөр:** философия, жарандык коом, мамлекет, дүйнө тааным, жарандык маданият, парадигма, ааламдашуу.

***Бектанова А.***
*Кыргызско-Российский Славянский*
*университет им. Б. Н. Ельцина*

# ГРАЖДАНСКОЕ ОБЩЕСТВО КАК ОБЪЕКТ ФИЛОСОФСКОГО ИССЛЕДОВАНИЯ

**Аннотация**

Проблема становления гражданского общества является одной из самых актуальных в современной теории и практике. Она носит междисциплинарный характер, и, следовательно, является объектом изучения многих наук, в том числе и философии. В статье отмечается, что философия является мировоззренческим, методологическим и общетеоретическим фундаментом научного познания. Исходя из этого, она выполняет двоякую роль. С одной стороны, в качестве научной дисциплины она вырабатывает философскую парадигму гражданского общества. С другой стороны, в качестве образовательной дисциплины она способствует практическому осуществлению гражданского общества. Также в статье рассматриваются некоторые философские подходы к пониманию гражданского общества и делается вывод о том, что в современной науке еще не сложилось целостного видения гражданского общества.

**Ключевые слова:** философия, гражданское общество, государство, мировоззрение, гражданская культура, парадигма, глобализация.

***Bektanova A.***
*the Kyrgyz-Russian Slavic university*
*named after B. N. Yeltsin*

# CIVIL SOCIETY AS AN OBJECT OF PHILOSOPHICAL RESEARCH

**Abstract**

The problem of the formation of a civil society is one of the most urgent in modern theory and practice. It is interdisciplinary in nature, and, therefore, is the object of study of many sciences, including philosophy. The article notes that philosophy is the ideological, methodological and general theoretical foundation of scientific knowledge. On this basis, it fulfills a dual role. ... On the one hand, as a scientific discipline, it develops the philosophical paradigm of civil society. On the other hand, as an educational discipline, it contributes to the practical implementation of civil society. The article also examines some philosophical approaches to understanding civil society and concludes that modern science has not yet developed a holistic vision of civil society.

**Keywords:** philosophy, civil society, state, worldview, civic culture, paradigm, globalization.

Кыргыз Республикасы акыркы чейрек кылымда өзүнүн тарыхынын бирден-бир татаал, көпчүлүк жагынан жүрөктү өйүгөн, бирок ошону менен бирге эле, өзүнүн тарыхындагы динамикалуу мезгилдерди башынан кечирүүдө. Бул демократиялык укуктук мамлекетти жана жарандык коомду калыптандырууга багытталган кыргызстандык социумдун координалдуу саясий, экономикалык жана социомаданий трансформациялары менен байланышкан. «Тарыхый тажрибада, көптөгөн этностук курамдар, саясий, социалдык туруксуздук кырдаалдардан чыгуу жолдорун өздүк маданиятына таянуусун белгилешет» [ 1, 51 - б. ]

Жарандык коомдун калыптануу маселеси СССРдин кулашынан кийин пайда болуп, отуз жылдай мезгил аралыгында постсоветтик мейкиндикте актуалдуу болуп келди. Жарандык коом – экономикадагы базар карым-катнаштары, жарандардын жеке эркиндиктерине болгон сый-урмат, кепилдик, укуктук мамлекетти функционалдашыруу, жарандык коомдун институционалдык өзөгүн түзүүчү ыктыярдуу союздар менен ассоциациялардын өнүккөн системасы, маанилүүлөрү болуп тилектештик, толеранттуулук, ынтымактуулук, ачыктык ж.б.у.с. эсептелген баалуулуктардын жалпы системасына болгон жакындык менен айкалышкан батыш теориялык ойломунун жана социалдык тажрыйбанын көрүнүшү. Аталган мүнөздөмөлөр жалпы жонунан СССРдин кулашынан кийин пайда болгон жана түпорду менен саясий, экономикалык жана социомаданий өзгөрүүлөргө бет алган постсоветтик мамлекеттер алдына койгон максаттар менен көрсөтмөлөрдү корреспонденциялады. Ошондуктан жарандык коомдун калыптануу жана өнүгүү идеясы бардык постсоветтик мейкиндикте расмий идеология жана теориялык ойлом менен курчалып, көп сандаган мамлекеттик программалык документтерде жана илимий-теориялык концепцияларда актуалдашкан. Кыргызстан да модернизациялык процесстерден четте калган жок. Эгемендүү Кыргызстандын тарыхый өнүгүүсүнүн жыйырма жети жылдык тажрыйбасы жарандык коомдун парадигмасынын теориялык жана практикалык маанисин тастыктады. Ошого карабастан жарандык

коом – Батышта пайда болгон феномен, бүгүнкү күнү анын өнүгүүсүнүн деңгээли постсоветтик өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстандагы социалдык реформалардын жүрүшүнөн көз каранды деген постулат күмөн туудурбайт.

Жарандык коом – көп кырдуу көрүнүш, ал өзүнө көптөгөн ар кыл маанилер, маңыздар менен аспектилерди камтуу менен, дисциплина аралык мүнөздү алып жүрөт, демек, көптөгөн илимдердин изилдөөсүнүн объектиси болуп эсептелет, алардын ар бири аталган феноменди өзүнүн предметтик талаасынын спецификасына жараша изилдейт. Жарандык коомдун маселелерин изилдөөдө приоритеттүү болуп бүгүнкү күнү саясат таануучулук, юридикалык жана социологиялык дискурстар эсептелет. Аталган илимий багыттардын актуалдуулугу жарандык коомду эмпирикалык жана теория-прикладдык планда изилдөө зарылчылыгынан улам келип чыккан. Бирок бул философияны илимий таанымдын дүйнөгө болгон көз караштын, методологиялык жана жалпы теориялык пайдубалы катары чыгарып салбастан, тескерисинче ага таянат.

Жарандык коомдун калыптанышында философиянын ролу кандай? Коюлган суроого жооп берүүнүн алдында академик Т.И.Ойзерман өзүнүн “Философиянын тарыхы катары философия” ишинде философияга кандай дефиниция бергенин эстейли,ал мындай депжазган: “Философия жалпы теориялык көз караштарды түзгөн ынанымдардын системасы, ал илимий билимдерди, күн сайынкы практиканы, тарыхый тажрыйбаны жалпылайт, бул негизде таануу принциптерин, адамдар ар кандай тарыхый доорлордо өзүнүн түп-тамырлык кызыкчылыктарын байланыштырган, баамдоо, жүрүм-турумду жана жалпысынан практикалык ишти баалоонун принциптерин иштеп чыгып, жалпылыктын формаларынын табийгатына жана коомуна таандык көп түрдүүлүктү изилдейт» [ 2, 12 - б. ]. Бул аныктамада белгилүү орус философу философиянын теориялык мүнөзүн гана эмес, практикалык негизин дагы белгилейт. Ушуга таянып, жогоруда коюлган суроого жооп берип, бул көйгөйгө эки ыкманы бөлүү керек. Биринчиден, жарандык коомдун көп түрдүү көйгөйлөрүн теориялык түшүнүү – жарандык коомдун теориясы. Бул жерде философия илимий тармак катары чыгат, алдыга болсо гносеологиялык, методологиялык, прогностикалык жана критикалык сыяктуу анын функциялары чыгат. Экинчиден, жарандык коом идеясынын практикалык жүзөгө ашырылышы. Бул учурда философия билим берүү тармагы катары, көз караш, аксиологиялык, тарбиялык, агартуу функцияларын ишке ашырып, жарандык коомдун түптөлүшүнө шарт түзүүгө тийиш.

Философия илим катары жарандык коомдун тарыхый-философиялык, социалдык-философиялык, онтологиялык, социомаданий, аксиологиялык, саясий-философиялык, герменевтикалык жана теориялык-методологиялык аспекттерин карайт.

Жарандык коомду изилдөөнүн тарыхый-философиялык аспектиси жарандык коом идеясынын эволюциясын изилдөө зарылдыгы менен байланыштуу. Аталган милдетти чечүү баарынан мурда, социалдык философиянын алкагында коомдун болмушу туурасындагы кыйла кеңири окуу катары мүмкүн. Жарандык коомду социалдык-философиялык изилдөө аны өзгөчө социалдык көрүнүш жана жалпы эле коомдун подсистемасы катары түшүнүүдөн келип чыгат жана анын калыптануусунун мыйзам-ченемдүүлүктөрүн, тенденцияларын, келечегин жана шарттарын илимий талдоого багытталган. Жарандык коомдун социалдык-философиялык дискурсунун актуалдуулугу да башкаларга салыштырмалуу азыраак изилденгендиги анын субстанционалдык жана социомаданий негиздеринин экспликациясынын

зарылчылыгы менен детерминацияланат. Жарандык коомдун болушунун негизинде кандай түзүмдөр, элементтер жана принциптер жатат – анын онтологиялык изилдөөсүнүн призмасы аркылуу каралуучу көйгөйлөр. Жарандык коомдун социомаданий изилдөөсүнүн фокусунда биринчи кезекте инсандык, маданияттык жана социалдык уюштуруу турат. Жарандык коомду изилдөөгө карата аксиологиялык ыкма негизги рухий баалуулуктар жана ченемдердин көз карашында аны изилдөөнү шарттайт. Саясий-философиялык дискурс жарандык коомду калыптандырууда мамлекеттин жана анын институттарынын ролун изилдөөнү шарттайт. “Жарандык коом” түшүнүгүнүн көп маанилүүлүгү анын герменевтикалык талдоосун талап кылат. Жана ошентип, бардык жогоруда аталган ыкмаларды синтездеп, системалык-рационалдуу көз караш катары жарандык коомду илимий таануунун теориялык жана логикалык-методологиялык негиздерин иштеп чыгат. Ошентип, коом тууралуу жеке илимдер, өзүнүн илимий кызыкчылыктарынын призмасы аркылуу жарандык коомду изилдеп, философияга көз караш, методологиялык жана жалпы теориялык пайдубалы катары таянат.

“Жарандык коом” түшүнүгүнүн эволюциясында бир нече этапты бөлсө болот. Биринчи этап – байыркы мезгилден XVII к. чейин – баштапкы мезгил - «politike koinonia» (греч.), «societas civilis» (лат.) термининин келип чыгышы, бул котормосунда “жарандык коомду” жана жарандык коом (Платон, Аристотель, Цицерон, Н. Макиавелли) идеяларын калыптандыруу үчүн тарыхый-философиялык шарттардын пайда болушун билдирет.

Экинчи этап – XVII к. - XVIII к биринчи жарымы. – «табигый-укуктук» мезгил – жарандык коом коомдук келишимдин натыйжасы катары түшүнүлөт, саясий коом, башкача айтканда мамлекет (Г. Гроций, Ж. Боден, Т. Гоббс, Дж. Локк, Д. Юм, Ж. Ж. Руссо, Ш. Монтескье ж.б.)

Үчүнчү этап –XVIII к. биринчи жарымы - XX к башталышы. – «легитимациялык» мезгил, “жарандык коом” жана “мамлекет” түшүнүктөрүн ажыраткан билимдер таанууну, колдоону жана өнүгүүнү алышкан (А. Фергюсон, Дж. Мэдисон. Т. Джефферсон, С. Пуфендорф, И. Кант, В. Гумбольдт, А. Смит, Т. Пейн, Г. Гегель, А. Токвиль, К. Маркс, А. Грамши ж.б.). Бул мезгилдин алкагында кээ бир авторлор жарандык коомду түшүнүүнүн ар кандай ыкмаларын жана салттарын бөлөт. Алсак, канадалык саясий философ Ч.Тейлор дал ошол мезгилде жарандык коомдун түшүнүгүндө эки негизги салт L-салт жана M-салт салынган деп эсептейт [3, 208-б].

Төртүнчү этап – XX к. аягынан – кайра жаралуу мезгили. Бул этапта дүйнөдө болуп жаткан модернизациялык процесстердин контекстинде жарандык коом идеяларынын кайра жаралуусу жүрөт. Батышта жарандык коомдун заманбап түшүнүгүнүн негизин Г. Алмонд, Д. Истон, К. Поппер [4] салган. Алардын идеясын Э. Арато, Дж. Л. Коэн, Р. Дарендорф, И. Шапиро, О.Энкарнасьон ж.б. [5] уланткан. Жарандык коом көйгөйүнө олуттуу көңүл постсоветтик мейкиндикте Россия, Беларусия, Казакстан, Өзбекстан, Украина ж.б. сыяктуу коом таануучулардын теориялык изилдөөлөрүндө бурулат.

Көрүп тургандай, “жарандык коом” узак көп кылымдык эволюциядан өткөн, бирок азыркыга чейин анын жалпы кабыл алынган анын аныктамасы жок. Анын мамлекет менен катышынын пикиринен алганда жарандык коом феноменин карасак, социалдык-саясий жана философиялык ойдун тарыхында жарандык коомду түшүнүүгө карата эки мамилени бөлүүгө болот. Биринчи байыркы мезгилден Жаңы мезгилге чейин үстөмдүк кылган мамилеге ылайык жарандык коом мамлекет менен окшоштурулат. Экинчи мамилеге ылайык, жарандык коомго мамлекеттен жана анын институттарынан көз карандысыз коомдун чөйрөсү таандык кылынат.

Мүмкүнчүлүктүн жана аныктыктын, идеалдуу жана анык диалектикасынын кесилишинде жарандык коомдун мүнөздөмөсү ошондой эле эки ар кандай анын интерпретациясын болжолдойт. Бир изилдөөчүлөр жарандык коом – бул кандайдыр бир идеалдуу абал, ага келечекте жетишүүгө боло тургандыгына ишенет. Мындай дискурста жарандык коом анык укуктук мамлекеттин болушун, цивилизациялуу базардык мамилелерди, жогорку адепти жана ахлакты, өзүн-өзү уюштуруунун жогорку деңгээлин, жарандык жана саясий маданиятты, орто класстын коомунда олуттуу салыштырма салмакты божомолдойт.

Башкалары жарандык коом бул – капитализмдин келип чыгышы менен келип чыккан жана мейкиндик-убакыттык чемдерден көз каранды ар кандай формаларды алган анык конкреттүү-тарыхый феномен деп эсептейт.

Бирок, тигил жана башка учурда дагы жарандардын ар түрдүү кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн канааттандырууну камсыздоого шарт түзгөн көп сандаган өз ара байланыштар жана өз ара мамилелердин ыктыярдуу негизинде бириктирилген мамлекеттен көз карандысыз индивиддердин жана социалдык коомдорго карата анын түзүүчүлөрү катары системаны болжолдойт.

Ошентип, дескриптивдик-прескриптивдик маанилик жүктөн алаксып, жарандык коомду мамлекеттен салыштырмалуу көз карандысыз жана ошол эле убакта ал менен тигиндей же мындай өз ара аракеттенген социалдык институттарды, коомдук өз ара байланыштарда жана өз ара мамилелерди (үй-бүлөлүк, диний, моралддык-адеп-ахлактык, этностук, маданий, укуктук ж.б.) өнөктөштүктө, шайкештикте жана туура атаандаштыкта жана өзүнүн мүчөлөрүнүн жеке жана жамааттык муктаждыктарын ишке ашырууну камсыздаган система катары аныктоого болот.

Кыргызстанда жарандык коомдун көйгөйлөрү өткөн кылымдын 90-жылдарынан баштап изилдене баштады. Жарандык коомдун ар кандай аспекттерин өзүнүн иштеринде Э.Е.Абилдаев, А.Акунов, Р.Ачылова, А.К.Бектанова, Б.Ж.Бешимов, А.Х.Бугазов, А.К.Джусупбеков, Т.Кенсариев, Э.Ж.Мамбеталиева, Г.А.Мукамбаева, Н.А. Омуралиев, Ж.Сааданбеков, Р.Д.Стамова, Ж.А. Табалдиев, О.А.Тогусаков, Ж.К.Урманбетова, У.К.Чиналиев, А.Б.Элебаева ж.б. карайт.

Жарандык коомду изилдөөгө олуттуу көңүлдү ф.и.д., профессор Р.А.Ачылова бөлгөн. Кыргызстанда жарандык коомдун өзгөчөлүктөрүн карап, ал байыркы мезгилде эле кыргыздарда жарандык коомдун элементтери болгон деген тыянакка келген. Кыргыз жарандык коомунун спецификасы Р.Ачылованын пикири боюнча төмөндөгүлөрдө камтылган:

– кыргыздардын жарандык коомунун туруктуу, дээрлик өзгөрүүсүз субъекттери болуп биринчи кезекте туугандык жана уруулук, андан кийин кошуналык жана аймактык байланыштарда негизделген жамааттар калган. Алар кыргыз турмушунун көчмөн шарттарына мобилдүү жана ыңгайлуу болгон;

– кыргыз жарандык коомунун жашоого аракетинин чөйрөсү болуп үй-бүлөлүк өндүрүш чыккан, анда анын көрүнүштөрү орун алган;

– жарандык коомду уюштуруунун каражаттары болуп никени, уруунун, достуктун жана андан ары институттары болгон, аларга ылайык уруксат берген же тыюу салган моралдык жана диний ченемдер аларды башкаруунун факторлору болгон;

– кыргыз жарандык коомунун көрүнүшүнүн формалары болуп каада-салттарды орундоо: тойлор, аштар, үлпөт тойлор, шерине, баштаңмай ж.б. болуп чыккан [ 5, 15 - б. ].

Жарандык коом көйгөйлөрүнө арналган биринчи олуттуу иштердин бири болуп У.К.Чиналиевдин “Кыргыз Республикасында жарандык коомду

калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү" монографиясы болгон. Анын пикири боюнча, Кыргызстанда жарандык коомду калыптандыруу үчүн өбөлгөлөр жана шарттар "көз карандылыкты алуу жана саясий жана экономикалык чөйрөлөрдө радикалдуу кайра түзүүлөрдүн башталышы менен гана" түзүлө баштаган. Өзүнүн изилдөөсүндө автор Кыргызстанда жарандык коомдун өтмө түрү гана калыптанып жаткандыгы жөнүндө тыянакка келген, ал үчүн жарандык коомдун батыш институттарын жана түзүмдөрүн өздөштүрүү, анын айрым институттарынын өнүгүшүнүн бирдей эместиги жана жарандык коомду калыптандырууга мамлекеттин олутту таасири мүнөздүү [ 7, 80 - б. ].

Ж.Сааданбековдун "Авторитаризмдин күүгүмү: батуу же таң атуубу?" монографиясы кызыктуу, анда автор Кыргызстандын мисалында советтик тоталитаризмдин эволюциясынын парадоксторун жана мыйзам ченемдерин аны менен байланыштырып, жарандык коомдун ролун жана функцияларын аныктайт [ 8 ].

Акыркы убакта постсоветтик социогуманитардык ойлордо жарандык коомдун евразиялык моделинин идеясы көбүрөөк айтыла баштады. Кыргызстанда дагы бул моделдин жактоочулары бар. Алсак, ф.и.д., профессор А.Х.Бугазов өзүнүн "Евразиялык" жарандык коомдун негиздерин калыптандыруунун социомаданий өзгөчөлүктөрү" статьясында мындай деп жазган "башка ар кандайлар сыяктуу эле жарандык коомдун евразиялык түрүнүн келип чыгышы анын тарыхый негизинде гана мүмкүн" жана "элдин психологиясынын, маданиятынын, тарыхынын улуттук өзгөчөлүктөрүн" эске алууну талап кылат" [ 9, 14 - б. ]. Анын пикири боюнча жарандык коомдун "евразиялык" моделинин спецификасы, биринчиден, "мамлекеттин басымдуулук кылышында камтылган коом жана мамлекетортосунда"өзгөчө"мамилелерде; экинчиден жарандык коомдун түзүмдүк элементтерин калыптандырууда мамлекеттик институттардын түз катышуусунда; үчүнчүдөн, күчтүү вертикалдуу бийликти курууда жана күч түзүмдөрүнүн иштешинде анын көрүнүктүү ролунда; төртүнчүдөн, бийликтин персонификациясында, башкача айтканда аны конкреттүү инсан менен окшоштуруп аныктоодо камтылган [ ошол эле жерде, 7 - 8 - б. ].

Жарандык коом – социомаданий көрүнүш, ал глобализация процесстерине ылайык бүгүн адамдардын өзүн уюштурусунун универсалдуу формасы болуп саналат. Социомаданий мейкиндикте глобалдаштыруу өзү менен аз эмес көйгөйлөрдү алып келет. Социалдык-философиялык ойдун ата мекендик өкүлдөрү Р. Д. Стамова жана Б.Н. Чынкожоева адилет белгилегендей, "глобализация менен чакырылган маданиятта көп сандаган көйгөйлөрдүн бири болуп эки тенденциянын күрөшү менен байланыштуу көйгөй саналат – дүйнөнү унификациялоо тенденциясы жана дүйнөнүн бардык өлкөлөрү туш болгон улуттук бөтөнчүлүктү сактоо тенденциясы" [ 10, 95 - б. ]. Бул менен менимче, кыргызстандык жарандык коомдун өзгөчөлүгү түшүндүрүлөт. Кыргыздардын социалдык турмушунун тарыхый-маданий, этноконфессиялык жана социалдык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн сактоого карата умтулуу жалпы кабыл алынган жарандык коомдун либералдык-демократиялык парадигмасынын чектерине чыгуу зарылдыгын чакырат.

Бүгүн, заманбап философиялык илимде жарандык коом көйгөйү теориялык изилдөөлөрдүн мейкиндигинен анын институционалдык ченем жана практикалык ишке ашырылышы менен байланыштуу маселелеринин эмпирикалык изилдөөлөрүнүн мейкиндигине өтүүдө.

Жарандык коомдун калыптануусу жана өнүгүүсү – бул диалектикалык жактан ич ара байланышкан, белгилүү бир экономикалык, саясий-укуктук жана социомаданий факторлор менен детерминацияланган кыйла узак мөөнөттүү тарыхый процесс. Жарандык коомдун экономикалык жана саясий-укуктук өбөлгөлөрү эч кандай күмөнсүз, анын калыптануусу үчүн алгачкылардан болуп эсептелет. Ошондуктан алар заманбап социогумантардык ойломдо кырдаалга жараша каралышы эч таң калтырбайт. Бирок жарандык коом – биринчи кезекте, социомаданий тартиптеги феномен. Анын атрибуттары болуп инсандын жарандык тиби, жамааттык жана жекелик муктаждыктарды канааттандыруу максатында ыктыярдуу негизде пайда болгон көп сандаган ассоциациялар менен бирикмелер эсептелет. Жарандык коомдун субъекттеринин имманенттик мүнөздөмөлөрү болуп саясий, укуктук жана жарандык маданияттын, жарандык жана өздүк аң-сезимдин жогорку деңгээли, жарандык тилектештик, толеранттуулук, тең катышуучулук жана ырашкердик эсептелет. Булар биргеликте жарандык коомдун калыптануусунун социомаданий шарттарын пайда кылышат. Алардын калыптануусу пайда болгон жарандык коом үчүн экзистенциалдык муктаждык болуп, анын экономикалык жана саясий-укуктук негиздерин түзүүгө салыштырмалуу кыйла татаал жана узак процессти камтыгандыгы эсептелет.

Жарандык коомдун социомаданий негиздеринин калыптануу маселесине белгилүү бир курчтукту, биринчиден, «системалык дүйнө менен» «турмуштук дүйнөнүн» улам өскөн колониялашуусу «турмуштук дүйнөнүн» ар кыл «паталогиясын» пайда кылуучу жана «манипулятивдик» публикалык чөйрөнү калыптандыруучу «массалык» маданиятка кысым көрсөтүүсүн берет. Экинчиден, аталган процесс коомдун бардык социомаданий трансформациясы катары эле объективдүү түрдө ааламдашуу, инновация, глокализация, салт, заманбаптык жана архаиканын кагылышуусу менен байланышкан. Үчүнчүдөн, коомдун жашоо ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүндөгү кризистик көрүнүштөр менен шартталган татаал социомаданий кырдаал. Жогоруда аталган фактылар жарандык коом калыптанган поставторитардык өлкөлөргө эле эмес, калыптанып, бышып жетилген жарандык коому бар өлкөлөргө да таандык.

Заманбап Кыргызстанда конституциялык жактан жарандык коомдун саясий, укуктук, экономикалык, социалдык жана руханий негиздери жарыяланды, ал анын актуалдашуусунун конкреттүү аныктыгын эмес, мүмкүнчүлүгүн гана билдирет. Өнүккөн жарандык коомдун бекитилүүсү квазидемократиялык жана көпчүлүк жагынан Кыргызстандагы модернизациялык процесстердин декларативдик мүнөзү, анын укуктук, экономикалык жана руханий негиздеринин өнүгүүсүнүн жетишсиз деңгээли менен татаалданат.

Ата-мекендик социогуманитардык ойломдун илимий-теоретикалык анализи дагы деле болсо жарандык коомду бүтүн концептуалдуу көрүү калыптанган эмес, ал эми анын калыптануусунун социомаданий шарттарынын маселесине азыркыга чейин жетиштүү көңүл бурулбай келүүдө деген корутунду чыгарууга шарт түзөт. Ошондуктан жарандык коомдун көйгөйлөрүн философиялык жактан изилдөө бүгүнкү күндө өзгөчө маанилүү.

**Адабияттар**


1. Ботоканова Г. Т. Обычное право как регулятор социальных отношений традиционного кыргызского общества. / Г. Т. Ботоканова // Вестник Бишкекского государственного университета им. К. Карасаева. – 2021 – №2-3 (56-57) – с.51.

2. Ойзерман Т. И. Философия как история философии / Т. И. Ойзерман. - Санкт-Петербург: Алетейя, 1999. - 448 с.
3. Бектанова А. К. Антикалык доордон XX-кылымга чейинки жарандык коом идеясынын тарыхый-философиялык генезиси // Alatoo academic studies, 2020. -№2. - С. 207-214.
4. Алмонд Г., Пауэлл Дж., Стром К., Далтон Р. Сравнительная политология сегодня: мировой обзор / под ред. М. В. Ильина, А. Ю. Мельвиля. - М.: Аспект-Пресс, 2002. - 537 с.
5. Поппер К. Открытое общество и его враги / К. Поппер. - М.: Феникс; Междунар. фонд «Культурная инициатива», 1992. - 448 с.
6. Дарендорф Р. Мораль, институты и гражданское общество / Р. Дарендорф // Путь. Международный философский журнал, 1993. - № 3. - С. 179-191.
7. Коэн Дж. Л., Арато Э. Гражданское общество и политическая теория / Дж. Л. Коэн / пер. с англ.; общ. ред. И. И. Мюрберг. - М.: Весь Мир, 2003. - 784 с.
8. Ачылова Р. А. Кыргызское общество и его особенности / Р. А. Ачылова // Построение гражданского общества: Мат. науч.- теор. конф. – Бишкек, 1996. – С. 12-16.
9. Чиналиев У. К. Особенности формирования гражданского общества в Кыргызской Республике / У. К. Чиналиев. - М., 2001. - 80 с.
10. Сааданбеков Ж. Сумерки авторитаризма: закат или рассвет? / Ж. Сааданбеков. - Киев: Ника-Центр, 2000. – 624 с.
11. Бугазов А. Х. Социокультурные особенности формирования основ «евразийского» гражданского общества / А. Х. Бугазов. // Общечеловеческое и национальное в